# ЖАЛПЫ ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮК - МАМЛЕКЕТТИН ТУРУКТУУЛУГУН КАМСЫЗДОО ФАКТОРУ КАТАРЫ

**ЖУСУБАЛИЕВ А.Р.**

*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК: 316.344.8**

***Аннотация:*** *Макала жалпы жарандык иденттүүлүктү мамлекеттүүлүктү бекемдөө маселелеринин нугунда социологиялык талдоого багышталган. Автор “жарандык иденттүүлүк” түшүнүгүн теориялык маңызын ачып берип, Кыргызстанда өткөрүлгөн изилдөөнүн түштүк областтары боюнча эмпирикалык маалыматтарынын негизинде жалпы кыргыз иденттүүлүгүнүн калыптануу өзгөчөлүктөрүн жана кыргыз коомунун бардык өкүлдөрүнүн иденттүүлүгү үчүн бирдей мааниге ээ болгон баалуулуктард ыталдаган.*

***Аннотация:*** *Статья посвящена к социологическому анализу проблем гражданской идентичности в контексте укрепления государственности. Автор раскрывая теоретическую сущность понятия “гражданская идентичность”, анализирует,на базе эмпирических данных социологического исследования проведенного по южным областям Кыргызстан, особенности формирования общей кыргызской идентичности иобщие ценности, имеющие одинаковое значение для всех слоев общества.*

***Abstract:*** *The article is devoted to the sociological analysis of problems of civil identity in the context of strengthening of the state system. Author exposing theoretical essence of concept "Civil identity", analyses, on the base of empiric data of sociological research conducted on south areas Kyrgyzstan, features of forming of general кыргызской identity and general values having an identical value for all layers of society.*

***Урунтуу сөздөр:*** *иденттүүлүк; жарандык иденттүүлүк; улут; кыргызстан улуту; кыргызстандык иденттүүлүк; идентешүү негиздери.*

***Ключевые слова:*** *идентичность; гражданская идентичность; нация; кыргызстанская нация; кыргызстанская идентичность; основы идентификациии.*

***Key words:*** *identity; civil identity; nation; Kyrgyzstan nation; Kyrgyzstan identity; bases of authentication.*

Кыргызстан мамлекетинин биримдигинин маселелери азыркы шарттарда теориялык жана практикалык өңүттөрдө өтө актуалдашкан. Бул, бир жактан, өлкөбүздүн жарандарынын көпчүлүгүнүн иденттүүлүк боштук (вакуум) абалында экендиги менен байланыштуу. Көп улуттуу биздин республика сыяктуу мамлекет үчүн жарандык иденттүүлүктүн жоктугу анын эселеп коркунучтуу болуп, ал коомдун туруктуулугунун маанилүү факторуна айланат. Ошол эле учурда, **жарандык жалпы кыргызстандык иденттүүлүктү** калыптандыруу биздин өлкө үчүн жөнөкөй маселелерден эмес. Анткени, *теориялык* деңгээлде“кыргызстан улуту” же “кыргызстандык улут” түшүнүгү, анын калыптанышы жана өнүгүшү, профессор К. Исаев жетектеген изилдөөчү топтун алгачкы изилдөөлөрүн эске албаганда, азырынча ойлонуштурула элек[3, 4]. *Практикалык* жактан болсо, 2013-жылдын апрелинде жарыяланган “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын” (мындан ары Концепция) бул багыттагы жигердүү кадам катары баалоого болот [5]. Концепцияда “Кыргызстан жараны” эмес “Кыргыз жараны” деп, Кыргызстандагы “жалпы жарандык бирдейлик” жөнүндө ачык айтылышынын өзү эле азыркы шарттарда бийликтен саясый эркти талап кылган жагдайлардан. Ошондуктан, бул документтин маанисин төмөндөтүүгө болбойт. Мына ушул, илимий тилде айтканда - “**иденттүүлүк**”, Концепциянын (практиканын) тили менен айтканда - “**бирдейлик**” түшүнүгүнүн маани-мазмунун теориялык жактан аныктап жана жалпы кыргызстандык жарандык иденттүүлүктүн калыптанышынын кээ бир социологиялык өңүттөрүн өзүнчө талдаган эле [2].

Жалпы жарандык бирдейлик жарандык улуттун калыптанышынын негизин түзгөн өзөктүү категория. Бул Кыргызстанда жашаган түрдүү этностордун өкүлдөрүн бириктирген бирдиктүү жарандык улуттун — *кыргыз улутунун* алардын аң-сезиминде реалдуу бекемделиши менен коштолуш керек. Ошондуктан, жарандык улуттун калыптанышы бир топ компоненттерди камтыйт. Аларга жалпы рухий баалуулуктар, жалпы сыймыктанган баатырлар, жалпы майрамдар жана тарыхый жеңиштер, жалпы баарлашуу тили, жалпы маданий мурас ж.б. кирет. Демек, жарандык иденттүүлүк сезимдерин бекемдөөдө, "кыргызстан улутун" калыптандырууда эки багыттуу: теориялык жана практикалык жактардан тең иш-аракеттер талап кылынат. Ага окумуштуу-коом таануучулар да, саясатчылар да өз салымын кошуш керек.

Социологияда "*жарандык иденттүүлүк*" түшүнүгү индивиддин коом менен бардык анын типтүү социомаданий өлчөмдөрүндө (тили, менталитети, дүйнө кабылдоосу, социомаданий баалуулуктары, жүрүш-туруш нормалары) өзүн ага таандык деп таанышын көрсөтөт [1].

Жарандык иденттүүлүктүн негизинде коом, мамлекет жана өлкө менен иденттешүү жатат. Жарандык таандык мамлекет менен, жарандуулук болсо Ата мекен, мекенчилдик менен теңдештирилет. Демек, жарандуулук жана мекенчилдик жарандык иденттүүлүктүн элементтери катары чыгат. Жарандык иденттүүлүк калкты бириктирүүчү, социалдык жуурулушуунун (интеграциянын) бекемдөөчү негиз болуп саналат.

Кыргызстанда, биринчиден, советтик илимдин мурасы катары ата мекендик илимде улутту классикалык түшүнүү кабыл алынган, б.а. улут — этноулут катары. Улут — бул этникалык иденттүүлүк — кыргыз, орус, казах, өзбек, дунган ж.б. Ошондуктан кыргыз коомунда "жарандык улут" болгон "кыргызстандык" улут түшүнүгү жакшы жайылбай, же коомго "сиңбей" келүүдө. Экинчиден, биздин өлкөдө жарандык улут маданий-баалуулуктар деңгээлинде да, институттук деңгээлде да азырынча калыптануу процессинде. Анткени анын пайдубалы болгон калктын жалпы кыргызстандын жарандык иденттүүлүгү этникалык, уруулук, аймактык, диний ж.б. иденттүүлүктөрүнө салыштырганда туруктуу үстөмдүк кылган абалга жете элек. Мындай өнүгүүнүн багыты да түшүнүксүз болуп, аныктала элек. Бул багыттагы саясый практикалык иш-чаралар массалык аң-сезимден орун ала элек.

Көз карандысыз Кыргызстанда мамлекеттик иденттүүлүктү куруу зарылдыгында шек жок. Ага жетишүүнүн жолдору каражаттарын иликтөөгө коом таануу илимдери, анын ичинде социология да, эми киришип жатат. Бул багытта полиэтникалык өлкө катары Кыргызстанда этностор аралык мамилелерди, жарандык улутту калыптандырууга, анын маани-мазмунун аныктоого, аны кабыл алууга карата алардын мамилесинин реалдуу абалын билүү маанилүү болуп саналат. Жалпы кыргызстандык жарандык улуттук иденттүүлүктү курууда бири-бирине карата сый мамилени жана толеранттуу аң-сезимди калыптандыруу өзгөчө маанилүү. Кыргызстанда да постсоветтик мейкиндиктегидей эле "биз" жана "алар" деп карама-каршы коюу жигердүү байкалат. Мындай карама-каршы коюу этникалык мамиледе эле эмес, жарандык улуттун уюткусун түзүүчү кыргыздардын өзүнүн ичинде *аймактык* (түндүк-түштүк), *уруулук* мамилелерде да бөлүнүшүнүн байкалгандыгы өкүнүчтүү. Бул бөлүнүү жактырбагандык сезимдеринен өсүп, турмуш-тиричиликтик (бытовом), саясий деңгээлдерде ачык эле душмандык мамилелерге чейин байкалат.

Жалпы жарандык бирдейлик жарандык улуттун калыптанышынын негизин түзгөн өзөктүү категория. Бул Кыргызстанда жашаган түрдүү этностордун өкүлдөрүн бириктирген бирдиктүү жарандык улуттун — ***кыргыз улутунун же кыргызстан улутунун*** алардын аң-сезиминде реалдуу бекемделиши менен коштолуш керек. Ошондуктан, жарандык улуттун калыптанышы бир топ компоненттерди камтыйт. Аларга жалпы рухий баалуулуктар, жалпы сыймыктанган баатырлар, жалпы майрамдар жана тарыхый жеңиштер, жалпы баарлашуу тили, жалпы маданий мурас ж.б. кирет.

Кыргызстандын Түштүк аймагын камтыган биздин изилдөөдө сураманын бир нече суроолору жарандык улут түшүнүгүнүн ушул компоненттерин иликтөөгө багышталган[11]. Биринчи суроодо респонденттердин жарандык таандык сезимдеринин өзөгүн түзгөн, “Сиз өлкөңүздүн эмнеси менен сыймыктанасыз?” деген суроо менен кайрылганбыз. Анда 3 жоопко чейин тандоо мүмкүнчүлүгү берилген. Бул суроонун жооптору жарандык идентүүлүктүн компоненттери маанилүүлүгү боюнча биринчи орунда географиялык (56,6 %), экинчи жана үчүнчү орундарды бир аз гана айырма менен  адабият, искусство (45,9 %) жана этникалык (45,4 %) символдор бөлүшүшкөн, төртүнчү жана бешинчи орундарда 1 %дык айырма менен  баатырлар (көрүнүктүү инсандар) (37,3 %) жана саясый (36,1 %) белгилер, андан кийинки орундарды 4 %дык айырма менен маданий (27,7 %) жана жетишкендиктер (23,5 %) ээлеген (караңыз: таблица №1).

**Таблица 1. Сиз өлкөңүздүн эмнеси менен сыймыктанасыз?**

| Облустар | | Кыргызстандын кооз жаратылышы, кен-байлыгы менен | "Манас" эпосу менен | Кыргыздардынозунунай магы, тили бар экендигименен | Чыңгыз Айтматов менен | Кыргызстандынэркинм амлекетэкендигимен | Кыргызэлининмадания тыменен | УлууАтамекендиксогуш тагыжеңишименен | Башка: Кыргызстандынжаштарымен ен, интер-националдуулугумен | Жалпы саны | Жалпы % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ош | **Баары** | **237** | **222** | **222** | **168** | **166** | **127** | **143** | **11** | ***473*** | ***49,0*** |
| | **саптан %ы*** | 50,1% | 46,9% | 46,9 % | 35,5 % | 35,1 % | 26,8 % | 30,2 % | 2,3 % | | |
| | **мамыдан %ы**** | 43,3% | 50,1 % | 50,6 % | 46,7 % | 47,6 % | 47,4 % | 63,0 % | 40,7 % | | |
| Жалал-Абад | **Баары** | **227** | **147** | **146** | **131** | **137** | **104** | **47** | **16** | ***347*** | ***35,9*** |
| | **саптан %ы** | 65,4% | 42,4 % | 42,1 % | 37,8 % | 39,5 % | 30,0 % | 13,5 % | 4,6 % | | |
| | **мамыдан %ы** | 41,5% | 33,2 % | 33,3 % | 36,4 % | 39,3 % | 38,8 % | 20,7 % | 59,3 % | | |
| Баткен | **Баары** | **83** | **74** | **71** | **61** | **46** | **37** | **37** | **0** | ***146*** | ***15,1*** |
| | **саптан %ы** | 56,8% | 50,7 % | 48,6 % | 41,8 % | 31,5 % | 25,3 % | 25,3 % | ,0 % | | |
| | **мамыдан %ы** | 15,2% | 16,7 % | 16,2 % | 16,9 % | 13,2 % | 13,8 % | 16,3 % | ,0 % | | |
| Жалпы | **Баары** | **547** | **443** | **439** | **360** | **349** | **268** | **227** | **27** | ***966*** | ***100*** |
| | **жалпы %ы***** | **56,6%** | **45,9 %** | **45,4 %** | **37,3 %** | **36,1 %** | **27,7 %** | **23,5 %** | **2,8 %** | | |

* саптан %ы – белгиленген топтон (Ош, Жалал-Абад же Баткен) жоопту тандагандардын үлүшү пайыздык көрсөткүч менен;

** мамыдан %ы –жоопту тандагандардын ичинен белгиленген топтогулардын үлүшү пайыздык көрсөткүч менен;

*** жалпыдан % ы –жоопту тандагандардын жана респонденттердин жалпы сандарынын катышы, пайыздык көрсөткүч менен.

Жооптордун мындай бөлүнүшү, б.а. өлкөбүздө жарандык идентүүлүктүн субъективдүү курамы басымдуулук кылып, объективдүү курамын түзгөн саясый белгилердин бешинчи орунда калышы, Кыргызстанда социомаданий баалуулуктар жана нормалар түп тамырынан өзгөрүү процесси аяктай электигин жана коомдук өнүгүүдө туруктуулуктун азырынча жок экендигин айгинеледи.

Ошондой эле, жооптордун бөлүнүшү Кыргызстандын жарандарын бириктирүүчү белгилердин актуалдашуу факторлору башка мамлекеттерден айырмаланарын көрсөттү. Мисалы, Орусияда, маанилүүлүгү боюнча: саясый жана жарандык, турмуш-тиричиликтик символдор, жетишкендиктер, экономикалык символдор, андан кийин адабият жана искусство болуп жайгашкан. Ал эми географиялык символдор тогузунчу гана орунду ээлеген [6].

Ушул эле суроого респонденттердин жоопторун областтардын кесилишинде караганда Ош жана Баткен облустары боюнча көрсөткүчтөрдө жалпы маанилерден кескин айырмачылыктар байкалбайт. Биринчи орунду ээлеген географиялык символ болгон

“Кыргызстандын кооз жаратылышы, кен-байлыгы” позициясы Жалал-Абад облусу боюнча жалпы көрсөткүчтөн дээрлик 9 % пунктка жогору болсо, жетишкендиктер категориясына кирген “Улуу Ата мекендик согуштагы жеңиши менен” сыймыктангандардын үлүшү 10 % пунктка төмөн болуп 13,5 %ды гана түзгөн.

Эгемендүүлүктүн алгачкы мезгилине таандык болгон сураманын 3-суроосунда респонденттер 42 түрдүү маанилүү окуяларды аташкан. Алардын 5 %дык чектен ашкан 10 жооптор төмөнкү таблицада берилген (караңыз: таблица 2).

**Таблица 2. Сиз үчүн 1991-2005-жылдардагы (Акаевдик мезгил) Кыргызстанда болгон эң маанилүү окуяларды атасаңыз?**

| | | Область | | | | | | | | | Жалпы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ош | | | Жалал-Абад | | | Баткен | | | | |
| | | Баары | мамыдан % | саптан % | Баары | мамыдан % | саптан % | Баары | мамыдан % | саптан % | Баары | жалпыдан % |
| 1 | **Эгемендүүлүккө, демокра-тияга ээ болуу** *(саясый)* | **162** | 34,2 % | 46,2 % | **121** | 35,5 % | 34,5 % | **68** | 45,9 % | 19,4 % | **351** | ***36,5 %*** |
| 2 | **Улуттуквалютанынкириши***(экономикалык)* | **83** | 17,5 % | 53,5 % | **53** | 15,5 % | 34,2 % | **19** | 12,8 % | 12,3 % | **155** | ***16,1 %*** |
| 3 | **Символдоркабылалынган***(саясый)* | **70** | 14,8 % | 54,3 % | **35** | 10,3 % | 27,1 % | **24** | 16,2 % | 18,6 % | **129** | ***13,4 %*** |
| 4 | **Манастын 1000 жылдыгыөткөн***(маданий)* | **33** | 7,0 % | 41,8 % | **41** | 12,0 % | 51,9 % | **5** | 3,4 % | 6,3 % | **79** | ***8,2 %*** |
| 5 | **Жаңы конституциянынкабыланышы***(саясый)* | **34** | 7,2 % | 43,6 % | **25** | 7,3 % | 32,1 % | **19** | 12,8 % | 24,4 % | **78** | ***8,1 %*** |
| 6 | **Менчиктештирүү, мамле-кеттик,элдикбайлыктыт алап-тоноо***(экономикалык)* | **32** | 6,8 % | 47,1 % | **30** | 8,8 % | 44,1 % | **6** | 4,1 % | 8,8 % | **68** | ***7,1 %*** |
| 7 | **Аксыокуясы***(саясый)* | **49** | 10,4 % | 81,7 % | **11** | 3,2 % | 18,3 % | **0** | ,0 % | ,0 % | **60** | ***6,2 %*** |
| 8 | **1-революция болду***(саясый)* | **38** | 8,0 % | 65,5 % | **16** | 4,7 % | 27,6 % | **4** | 2,7 % | 6,9 % | **58** | ***6,0 %*** |
| 9 | **Жоопбереалбайм** | **10** | 2,1 % | 18,5 % | **42** | 12,3 % | 77,8 % | **2** | 1,4 % | 3,7 % | **54** | ***5,6 %*** |
| 10 | **Базар экономикасынаөтүүменен кымбатчылыкпайдаболду. Экономика төмөндө-гөн, айлыказайган***(эконом.)* | ***27*** | ***5,7 %*** | ***62,8 %*** | ***8*** | ***2,3 %*** | ***18,6 %*** | ***8*** | ***5,4 %*** | ***18,6 %*** | ***43*** | ***4,5 %*** |
| | | | | | | | | | | | | |
| 11 | **Башка:** | 206 | 49,2 % | 49,3 % | 149 | 46,0 % | 33,2 % | 74 | 50,0 % | 17,2 % | 429 | 44,6 % |
| | **Жалпы: саны** | **473** | | | **341** | | | **148** | | | **962** | ***100 %*** |
| | **%** | **49,2 %** | | | **35,4 %** | | | **15,4 %** | | | **100 %** | |

Алардын ичинен беш позиция саясый факторлорго байланыштуу, үчөө экономикалык, бирден укуктук жана маданий символдорго байланыштуу окуяларды белгилешкен. Ошондой эле 5 % чектен жогору болгон позицияга “жооп бере албайм” деген жооп да кирген. Андан жогорку орун аксы окуясына (6,2 %) жана биринчи революция (6,0 %) таандык. Белгилей кетсек, акыркы окуя Жалал-Абад облусуна караштуу райондо жүз бергендигине карабастан, аны маанилүү окуя катары жалалабаддыктардын 3,2 %ы гана белгилеген. Ошол эле учурда, мындай пикирдеги оштуктар алардан үч эсеге көп (10,4 %).

Эгемендүүлүккө, демократияга ээ болууну маанилүү окуя катары ар бир үчүнчү жаран белгилеген (36,5,0 %) жана ал кийинки орундагы - “улуттук валютанын кириши” (16,1 %) деген жооптон 2,25 эсеге көп кездешет. Советтик мезгилге салыштырганда бул мезгилде саясый факторлорго карата жылышы байкалат, б.а. жетишкендиктер, экономикалык, жаратылыштык-географиялык, маданият ж.б. символдорго караганда саясый факторлор болгон: көз карандысыздык (36,5 %), герб, туу, гимн сыяктуу мамлекеттин символикалары (13,4 %), жаңы Конституциянын кабыл алынышы (8,1 %), аксы окуясы (6,2 %) жана биринчи революция (6,0 %) сыяктуу саясый мүнөздөгү жооптор көзгө ташталат. Мындай абалды жарандык иденттүүлүктүн калыптануу нугунда оң тенденция катары баалоо зарыл. Анткени, жарандык иденттүүлүктүн калыптануу жараянында жетектөөчү роль ушул мамлекеттик символикаларга, жаратылыштык-географиялык шарттарга, жетишкендиктер жана экономикалык белгилерге таандык.

Жарандардын аң-сезиминде бул мезгил менен байланыштагы кийинки фактор – экономикалык мүнөздөгү белгилер. Аларга актуалдашкан позициялардын үчөө таандык: “улуттук валютанын кириши” (16,1 %), “менчиктештирүү, мамлекеттик, элдик байлыкты талап-тоноо” (7,1 %), “базар экономикасына өтүү менен кымбатчылык пайда болду, экономика төмөндөгөн, айлык азайган” (4,5 %) сыйктуу жооптор. Саясый жана экономикалык факторлорду салыштырганда жооптордо берилген белгилер оң же терс мүнөзү менен айырмаланып турганын байкоого болот. Саясый мүнөздөгү белгилердин экөө терс, үчөө оң мааниде бааланса, экономикалык белгилер, тескерисинче, терс мүнөздөгү белгилер (экөө - терс, бирөө гана оң) басымдуулук кылат. Муну өлкөдөгү экономикалык каатчылык, калктын калың катмарынын жашоо деңгээлинин төмөндүгү менен түшүндүрүүгө болот. Жалпы алынган 42 жооп боюнча караганда, алардын 25 оң (60 %), 17 терс (40 %) мүнөздөгү жооптор болуп саналат. Советтик жана акаевдик башкаруу мезгилдериндеги жооптордун оң жана терс мүнөздөрүнүн катышын салыштырганда 1/4 жана 2/3 болуп терс жакка багыт алышын байкайбыз.

Кыргызстандын өнүгүү тарыхынын акыркы жылдарындагы эң маанилүү окуя болгон 2010-жылдагы апрель революциясына карата жарандардын пикирин билүү максатында “Сиз 2010-жылдагы апрель ыңкылабын кандай баалайсыз?” деген суроо менен кайрылганбыз (караңыз: таблица №3). Бул ачык суроо болуп, изилдөө тобу тарабынан жоопторлун эч кандай варианттары сунушталган эмес. Респонденттердин берген жоопторун маани-маңызына жараша 15 топко бириктирилип, төмөнкү таблицада алар толук келтирилген. Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы бурулуш учуру болгон бул окуя өлкөнүн жарандарын бириктирүүгө жөндөмдүү окуябы? – деген суроого изилдөө тобу жооп издеген. 5 %дык чектен ашкан жоопторлун ичинен “жооп бере албайм” дегендердин арасында Жалал-Абаддын тургундары (68,0 %) абдан көп болуп, мындай пикирдегилердин 2/3 бөлүгүн түзгөн. Алардын үлүшү 9,9 % менен бул пикирди билдирген оштуктардан (3,0 %) дээрлик 3,3 эсеге, баткендиктерден (1,4 %) 7 эсеге көп. Лидердик позициядагы бештиктин ичинде “Бакиевдин күнөөсү жок, согушту Убактылуу Өкмөт уюштурган, Бакиев жакшы иштеген” (7,2 %) деген жооп да бар. Бул жоопту белгилегендердин 3/5 же 63,8 %ы оштуктар. Алардын топ ичиндеги үлүшү 10 % тегерегинде болуп, Баткен (4,7 %) жана Жалал-Абад (5,2 %) облустарындагы ушундай пикирдегилерге салыштырганда дээрлик 2 эсеге көп. “Эч кандай баалабайм” (9,6 %) дегендердин теңинен көбү да, бакиевдердин кичи мекени болгон Жалалабаддыктар (53,8 %) жана алардын үлүшү 14,6 % менен мындай пикирдеги оштуктардан (7,8 %) дээрлик 2 эсеге, баткендиктерден (4,1 %) 3,5 эсеге көп.

**Таблица 3.Сиз 2010-жылдагы апрель ыңкылабын кандай баалайсыз?**

| | **Жооптор** | **Область** | | | | | | | | | **Жалпы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Ош** | | | **Жалал-Абад** | | | **Баткен** | | | | |
| | | Баары | **мамы-дан %** | **саптан %** | Баары | **мамы-дан %** | **саптан %** | Баары | **мамы-дан %** | **саптан %** | Баары | Жалпы-дан % |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Моралдык жана материалдык оор жоготуулар болду, күнөөсүз балдар өлдү, трагедия жана талап-тоноочулук | **212** | 44,7 % | 53,3 % | **131** | 38,2 % | 32,9 % | **55** | 37,2 % | 13,8 % | **398** | **41,2 %** |
| 2 | Бийлик алмашты, бирок өзгөрүү болгон жок, элдин алсыздыгынан пайдаланып, бийликке умтулууну көздөштү, бийлик талашуу | **116** | 24,5 % | 46,2 % | **76** | 22,2 % | 30,3 % | **59** | 39,9 % | 23,5 % | **251** | **26,0 %** |
| 3 | Эчкандайбаалабайм | **37** | 7,8 % | 39,8 % | **50** | 14,6 % | 53,8 % | **6** | 4,1 % | 6,5 % | **93** | **9,6 %** |
| 4 | Апрелдеги окуя элдин муктаждыгынан келип чыкты, элдик төңкөрүш деп баалайм, баалардын кескин өсүшү, кымбатчылык, жумушсуздуктун күчөшү, элдин жакырчылыкка, коррупцияга каршы көтөрүлүшү | **34** | 7,2 % | 44,2 % | **24** | 7,0 % | 31,2 % | **19** | 12,8 % | 24,7 % | **77** | **8,0 %** |
| 5 | Бакиевдин күнөөсү жок, согушту Убактылуу Өкмөт уюштурган, Бакиев жакшы иштеген | **44** | 9,3 % | 63,8 % | **18** | 5,2 % | 26,1 % | **7** | 4,7 % | 10,1 % | **69** | **7,2 %** |
| 6 | Билбейм, жоопбереалбайм | **14** | 3,0 % | 28,0 % | **34** | 9,9 % | 68,0 % | **2** | 1,4 % | 4,0 % | **50** | **5,2 %** |
| 7 | Үй-бүлөлүк башкаруудан кутулдук, үй-бүлөлүк, криминалдык саясаттан кутулдук | **8** | 1,7 % | 33,3 % | **14** | 4,1 % | 58,3 % | **2** | 1,4 % | 8,3 % | **24** | **2,5 %** |
| 8 | Эркиндиккежетипжаңы системагаөттүк | **14** | 3,0 % | 93,3 % | **1** | ,3 % | 6,7 % | **0** | ,0 % | ,0 % | **15** | **1,6 %** |
| 9 | Туураболду | **9** | 1,9 % | 64,3 % | **3** | ,9 % | 21,4 % | **2** | 1,4 % | 14,3 % | **14** | **1,5 %** |
| 10 | Бакиевчил диктаторлор жок кылынды, күнөөсүз элге ок атылды, Бакиевдер жооп бериши керек. | **6** | 1,3 % | 42,9 % | **5** | 1,5 % | 35,7 % | **3** | 2,0 % | 21,4 % | **14** | **1,5 %** |
| 11 | Адилеттүүлүк үчүн чыныгы элдик революция | **2** | ,4 % | 15,4 % | **3** | ,9 % | 23,1 % | **8** | 5,4 % | 61,5 % | **13** | **1,3 %** |
| 12 | Туура да, туураэмес да жагы бар | **7** | 1,5 % | 58,3 % | **4** | 1,2 % | 33,3 % | **1** | ,7 % | 8,3 % | **12** | **1,2 %** |
| 13 | Бийликтин алмашуусу элдин мүдөөсүнө туура келди | **3** | ,6 % | 50,0 % | **2** | ,6 % | 33,3 % | **1** | ,7 % | 16,7 % | **6** | **,6 %** |
| 14 | Элдикчыныгыбаатырдык жеңиш | **0** | ,0 % | ,0 % | **0** | ,0 % | ,0 % | **1** | ,7 % | 100,0 % | **1** | **,1 %** |
| | Жалпы: саны<br>% | **474** | | | **343** | | | **148** | | | **965** | **100,0 %** |
| | | **49,1 %** | | | **35,5 %** | | | **15,3 %** | | | **100 %** | |

Мындай абалды түшүндүрүүдө изилдөө тобунун эки түрдүү божомолу бар: биринчи - бакиевдин тууган-туушкандарынан жалалабаддыктар көбүрөөк жабыркаган; экинчи - респонденттер арасында чочулоо, коркуу, изилдөөчүлөргө ишенбөө сезимдери бар. Изилдөөнүн маалыматтарына таянып, калктын 10-15 %га чейинки бөлүгүн ушундай сезимдер ойлондурат деп жыйынтыктоого болот.5 %дык чектен ашкан беш жооптун ичинен апрель окуясына жалгыз оң мүнөздөгү баа болгон “Апрелдеги окуя элдин муктаждыгынан келип чыкты, элдик төңкөрүш деп баалайм. Баалардын кескин өсүшү, кымбатчылык, жумушсуздуктун күчөшү, элдин жакырчылыкка, коррупцияга каршы көтөрүлүшү” деген пикирди кармангандар респонденттердин 8,0 %ын түзгөн. Облустар боюнча көрсөткүчтөр төмөндөгүчө: Ош жана Жалал-Абадда 7,0 %дын тегерегинде болсо, Баткенде 13 % жакындап, алардан дээрлик 2 эсеге жакын көп. Бул жооп төртүнчү позицияда калган. Ал эми лидерлик орундарда респонденттердин 1/4 билдирген “Бийлик алмашты, бирок өзгөрүү болгон жок, элдин алсыздыгынан пайдаланып, бийликке умтулууну көздөштү, бийлик талашуу” (26, %), жана ар бир 5 адамдын экинчисинин пикири болгон “Моралдык жана материалдык оор жоготуулар болду, күнөөсүз балдар өлдү, трагедия жана талап-тоноочулук” (41,2 %) деген жооптор.

Изилдөөнүн маалыматына таянсак, Кыргызстандын Түштүк аймагында бул окуяга басымдуу терс мамиле калыптангандыгы көрүнүп турат. Анткени, 2010-жылдагы апрель ыңкылабын “үй-бүлөлүк башкаруудан жана криминалдык саясаттан кутулуу” (2,5 %), “туура” (1,5 %), “диктаторлордун жок кылынышы” (1,5 %), “жаңы системага өтүү” (1,6 %), “адилеттүү” (1,3 %), “элдик жеңиш” (0,1 %) сыяктуу оң баа берүү өтө төмөн

көрсөткүчтөргө ээ болгон. Мындай абалдын себеби, апрель ыңкылабы жана андан кийинки Ошто жана Жалал-Абадда жүз берген кыргыз улуту менен өзбек этносунун ортосундагы кайгылуу окуялар эл арасында өз алдынча эмес, бирге каралат. Сепаратордук маанайдагы өзбек этносунун өкүлдөрү таңуулап баштаган, бир нече жүздөгөн күнөөсүз адамдардын өлүмүнө алып келген кандуу кагылышууга Убактылуу Өкмөттүн да катышы бар экендиги жөнүндөгү негиздүү күмөн апрелдеги бийлик алмашууга карата элдин терс мамилесине негиз болгон. Белгилей кетүүчү нерсе, бул окуялардын болушунун өзү эле бизде жарандык иденттүүлүктүн эң төмөн деңгээлинен тастыктап, бул багытта олуттуу иш-чараларды алып баруу зарылдыгынан кабар берет. Изилдөө көрсөткөндөй, эл арасында өтө эле ар түрдүү баа алгандыгына байланыштуу, Кыргызстандын тарыхында канчалык маанилүү болбосун, азырынча апрель ыңкылабы жарандарды биримдикке алып келүүчү фактор катары кызмат кыла албайт.

**ЖЫЙЫНТЫК.** Жогоруда айтылгандар кээ бир жыйынтыктарды чыгарууга негиз болот. Биринчиден, илим да саясат да жалпы кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана кыргызстандык иденттүүлүктүн бекемделишинин үстүнөн иштеш керек. Экинчиден, полиэтникалык кыргызстандын элине жарандык улут жана жарандык иденттүүлүк баарынын бирдейлигине, этностордун жана этникалык иденттүүлүгүнүн жоюлушуна алып келбей тургандыгын түшүндүрүү зарыл. Үчүнчүдөн, жалпы кыргызстандык иденттүүлүктү калыптандыруу Кыргызстандын биримдигин сактоонун, келечектеги өнүгүшүнүн өбөлгөсү.

Демек, жарандык иденттүүлүк сезимдерин бекемдөөдө, “кыргыз улутун” калыптандырууда эки багыттуу: теориялык жана практикалык жактардан тең иш-аракеттер талап кылынат. Ага окумуштуу-коом таануучулар да, практик-саясатчылар да өз салымын кошуш керек.

**Адабияттар:**


1. Гришина Е.А. Идентичность гражданская//Социологическая энциклопедия: в 2 т. Т.1.M., 2003.
2. Жусубалиев А.Р. “Жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү”//Вестник БГУ. 2013 ж. № 4
3. Исаев К. Особенности идентичности жителей постсоветского Кыргызстана // Социсс. Москва, 2009, №5 - 91-94.
4. Исаев К. Түрк цивилин калыптандырууда иденттештирүүнүн мааниси жөнүндө. // ИА. Философия жана саясый –укуктук изилдөөлөр Институтунун ЖАРЧЫСЫ Бишкек. №1, 2013
5. “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясын”.  Бишкек, 2013. 09.04.2013.
6. Мазилова Г.Б. Динамика социальной идентичности в меняющихся общественных условиях. Дисс…, канд. наук. Ярославль, 2006.
7. Мнацаканян М.О. Национализм и глобализм. Национальная жизнь в современном мире.  M., 2008.
8. Солдатова Г.У. Психология межэтнической напряженности.  М., 1998.
9. Стрельцова Я.О. О проблеме «Национальной идентичности во Франции» // Мировая экономика и международные отношения. 2006. № 7.
10. Эриксон Э. Идентичность: юность и кризис: пер. с англ.  М., 2006.
11. Эскертүү. Мындан ары Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин каржылоосу менен Жалпы Кыргызстанда 2012-жылда жүргүзүлгөн«Цивилизация процессинде түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу чалгындоочу социологиялык изилдөөнүн республиканын түштүк аймагы (Баткен, Жалал-Абад, Ош облустары) боюнча маалыматтарын талдоонунжыйынтыктары келтирилген. Изилдөөнүн жүрүшүндө 2000 адам суралган: Баткен облусунан – 152, Жалал-Абадоблусунан –350, Ошоблусунан – 378, Таласоблусунан – 76, Нарыноблусунан – 94,Чуйоблусунан – 318, Ыссык-Көлоблусунан – 164адам, ошондой эле Ош шаарынан -100 жана Бишкек шаарынан- 368 адам. Этникалык кесилиште: кыргыздар – 73,7 %, өзбектер – 12,3 %, орустар – 9,0 %, тажиктер – 0,6 %, башка этностор – 4,4 % түздү. Макаланын автору социологиялык изилдөөнү өткөргөн жумушчу топтун мүчөсү болгон.